**Ош мамлекеттик университетинин математика жана информациялык технологиялар факультетинин МИОТжББМ кафедрасынын 2020-жылдын 28-февралында өткөрүлүүчү иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр менен боло турган тегерек столдун**

# ТОКТОМУ

**Катышкандар:** МИТ фак. деканы, ф.м.и.к., доц. У.Сопуев, МИОТжББМ каф.башч., п.и.к., доц. А.Дж.Аттокурова, ФТФ факультетинин Жалпы физика жана физиканы окутуунун методикасы каф.башч., п.и.к., доц. З.И.Омаралиева, МИОТжББМ кафедрасынын улук окутуучусу, п.и.к. Д.Тагаева, иш берүүчүлөр жана бүтүрүүчүлөр катышышты.

## Күн тартиби:

1. Тегерек столдун темасы, максаты жана милдеттери, жүрүшү менен тааныштыруу
2. Тегерек столдун ачылышы: ***МИТ фак. деканы, ф.м.и.к., доц. Сопуев У. МИОТжББМ каф. башчысы, п.и.к., доц.Аттокурова А.***
3. “Физика-математикалык билим берүү” багытынын негизги билим берүү программасы (НББП). ***МИОТжББМ каф. башчысы, п.и.к., доц.Аттокурова А.,***
4. “Физика-математикалык билим берүү” багыты (магистратура) негизги билим берүү программасы (НББП), **п.и.к., доц Тагаева Д.**

## Секцияларда иштөө:

1. “Физика-математикалык билим берүү” программасынын жумушчу окуу планындагы элективдүү дисциплиналардын актуалдуулугун талкуулоо
2. Тегерек столдун катышуучуларынан анкета алуу
3. Жыйынтыктоо, чечимдерди кабыл алуу
4. Кофе-брейк.

## Угулду:

1. Тегерек столду ачуу үчүн МИТ факультетинин деканы, ф-м.и.к., доц. У.А.Сопуев жолугушуунун максаты жөнүндө сөз сүйлөдү: Максат кызыктар тараптардын талаптары орундала тургандай кадрларды даярдоо. Көз карандысыз аккредитациянын текшерүү учурунда сиздер менен болушат. НААРдын 10 критерийи боюнча аккредитациядан өтүлөт. Кемчиликтер болсо айтсаңыздар, биз ошону жоёлу. Ош МУда физика, математика жана информатика адистерин даярдоодо сиздердин сунуш-пикирлериңиздерди камтыйбыз.
2. МИОТжББМ каф. башчысы, п.и.к., доц.Аттокурова А.“Физика-математикалык билим берүү” багытынын негизги билим берүү программасы (НББП), компетенциялар, программадан күтүлүүчү окутуунун натыйжалары боюнча кеңири маалымат берди.
3. МИОТжББМ каф. улук окутуучусу, п.и.к. Д.А.Тагаева “Физика-математикалык билим берүү” магистратура багытынын негизги билим берүү программасы (НББП) боюнча компетенциялар, программадан күтүлүүчү окутуунун натыйжалары боюнча кеңири маалымат берди.

## Секциялык иштер

Баш сөздү доц., п.и.к., Аттокурова А. сүйлөп тандоо курстары боюнча түшүндүрмө берди.

- Келечектеги кесибинин социалдык маанисин түшүнөт, кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашырууга мотивацияланган, өз алдынчалык, өзүн уюштуруу, энтузаизм, тартиптүүлүк сыяктуу социалдык-инсандык сапаттарга ээ.
- Математика аймагындагы базалык билимдерди түшүнүүгө жана колдонуунга жөндөмдүү.
- Сынчыл жана системалуу ой-жүгүртүү маданиятына ээ.
- Математика боюнча түрдүү татаалдыктагы маселелерди, МА жана ЖРТнын тапшырмаларын, олимпиадалык маселелерди чыгара билет.
- КТИ жана МТИни уюштуруп өткөрө алат .
- Математиканы компетенттүүлүк негизде окута алат .
- Математиканын практикалык жана тарыхый аспектилерин ишке ашыра алат .

**Суроо : Татанова Н.**
Дипломго кайсы сабактан бере алат деген башкача айтканда математика, информатика сабактан бере алат деп жазса.

**Жооп:** Дипломго багыты боюнча жазылат.

**Сунуш : Карабекова А. № 27 XXIV Партсъезд** атындагы орто мектебинин директору.
Стандартка ылайык сабактар көбүрөөк болсо жакшы болмок, себеби, Билим берүү министрлиги тарабынан стандартка байланыштуу текшерүүлөр көп. Ошондуктан магистрлерди даярдоодо ушул багыттагы дисциплиналарга көп көңүл бурулса жакшы болмок.

**Сунуш :Жусубалиева Б. Ош ш. №4 Киров атындагы мектеп-гимназиясында директор.**
Мектеп мугалимдери жана бүтүрүүчүлөр менен жолугушуулар тез-тез болуп турса. Анткени бүтүрүүчүлөрдүн дагы жумушка жайгашуусу оңой болот.

**Сунуш: Закиров Руслан ГорОНО (Шаардык билим берүү башкармалыгы)**
Биз ОшМУ менен иштеп жатканыбызга көп жыл болуп калды, мектепте кандай көйгөй болуп жатса биз айтып берип жатабыз. Биздин сунушубуз боюнча тандоо курстары тандалып жатат.

**Сунуш: Умар к. Насиба**
Бардык предметтер окутулат экен, магитарнттар өздөрү жакшы өздөштүрбөй барып жатышат.

**Жооп:** Чындыгында айрым магистранттарыбыз иштегенине байланыштуу айрым учурда магистратура боюнча окутулуп жаткан предметтерге маани берилбей калышы мүмкүн. Ошол магистранттарыбызда толук кандуу магистратура боюнча маалыматтар алынбай калат.

**Тагаева Д.**
Магистранттар илим жумалыгына активдүү катышышат.

**Аттокурова А.**
Аталган багыт боюнча бакалавриат жана магисратурада тандоо курстарына "Ыктымалдыктар теориясы жана математикалык статистиканын элементтерин окутуу" (магистратура), "Сюжеттүү маселелерди чыгаруу ( бакалавриат, магистратура) сунушталганы жатат.

***Чечим:***

1. Физика-математикалык билим берүү" магистратура багытынын мектепте зарыл болгон методикалык багыттагы предметтерди киргизүү жагы эске алынсын.
2. Физика-математикалык билим берүү" багытында ( бакалавриат, магистратура) сунушталган тандоо курстары жактырылсын.
3. "Физика-математикалык билим берүү" багыты боюнча сапаттуу кадрларды даярдоо максатында потенциалдуу иш берүүчү жана бүтүрүүчүлөр менен болгон байланыштар күчөтүлсүн.

МИОТжББМ кафедрасынын
башчысы, п.и.к.,доц. А.Дж.Аттокурова

**28.02.2020-жыл.**